# УЛУТТУК КИТЕП ПАЛАТАСЫНЫН СТАНДАРТТАШТЫРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ РОЛУ

**МАМЫШЕВА Ж. А.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.655.1**

Азыркы учурда мамлекеттин экономикалык саясаты полиграфия өндүрүшүнүн өз алдынча өнүгүүсү үчүн толук шарттарды түзүп бере алган жок. Ошондуктан бул тармак мамлекеттик колдоого муктаж жана мындай колдоонун натыйжасы тармактын өздүк финансылык негизде андан аркы кайталап өндүрүү процессине жетишүүсү болууга тийиш.

Китеп чыгаруу иши негизинен маданияттын бир тутумундагы ажырагыс бөлүгү болгону менен, экономикалык кыйынчылыктардын мезгилинде ал, мамлекеттик артыкчылык берилген тармактардан обочодо калып келе жатат. Мына ошондуктан, республикада китеп чыгаруунун азыркы учурдагы абалы төмөнкүдөй көптөгөн себептерден улам кабатырланууга түртөт: каржылоонун жетишсиздиги, коомдо китеп аркылуу билим алууга болгон муктаждыктын жоктугу, чыгармачылыкка болгон сый-урматтын азайгандыгы, китеп чыгаруунун материалдык-техникалык базасынын чыңдалбагандыгы, китеп басууга адистешкен республикадагы полиграфиялык базалардын канааттандырарлык эмес абалы, квалификациялуу кадрлардын кетип жатышы, полиграфия ишканаларын жабуу жана менчиктештирүү процессинин күчөшү[3, 34-98-б.].

Ошол эле учурда китеп чыгаруу жана китеп менен камсыз кылуу чөйрөсүн эч ким тарабынан көзөмөлдөнбөгөн күмөндүү инновациялык процесстердин баш аламандыгы каптап кетти. Кыргыз Республикасынын КМШнын гана эмес, дүйнөлүк китеп мейкиндигине аралашып кирүү тенденциясы башталган тапта полиграфиялык басылмалардын жардамы менен каныгуу, ой-санаадан өткөрүү жана жалпы адамзаттык асылдыктарды тандап алуу аркылуу жетүүчү улуттук маданияттын, тарыхый калыптанган салттардын, коомдук психологиянын өзгөчөлүктөрүн эске албаган басма продукцияларды көзөмөлсүз киргизип жайылтуу коркунучу жаралды.

Мындай шарттарда маданий асылдыктарды жалган баалуулуктар менен алмаштырып алуу, нравалык (ыймандык) таасир этүүлөрдүн төмөндөшү, этникалык каада-салттардын, мүнөздөрдүн, ошондой эле улуттук жана дүйнөлүк маданияттын азыркы учурдагы жетишкендиктеринин жоголушу күтөт.

Ушундай коркунучтарды эске алуу менен Кыргызстандын улуттук китеп саясаты биринчи кезекте коомдун чыгармачылык кудуретин өстүрүү жана көбөйтүү үчүн тиешелүү шарттарды сактоону жана китеп чыгарууну мамлекеттик жөнгө салуунун төмөнкүдөй ырааттуу комплекстүү системасын киргизүүнү карап чыгууга тийиш:

- мектептик билим берүү жана жогорку окуу жайлары үчүн адабияттарды (окуу китептерин) басуу;
- балдар жана өспүрүмдөр үчүн басылмаларды чыгаруу;
- илимий, илимий-популярдуу адабияттарды, сөздүктөрдү, сүйлөшмөлөрдү жана маалымдамаларды басуу;
- жакшы өтүмдүү (көп суралган) көркөм адабий китептерди басуу.

Өз ичине билим берүүнү да камтыган сөздүн кеңири маанисиндеги таалим-тарбия берүү адамдарга эрте жашынан эле китептер, окуу китептери жана ар кандай башка басылмалар аркылуу өтүүчү улуттук маданияттын таасири менен жугушат.

Улуттук китеп саясаты азыркы учурда Кыргызстандын китеп чыгаруу, китеп таратуу жана полиграфияны рекламалоо чөйрөсүндөгү нормативдик укуктук базаны чыңдоого муктаж. Ошондуктан, керектөөчүлөр менен жалпы коомдун кызыкчылыктары үчүн басма жана электрондук продукцияларды түзүү, таратуу жана пайдалануу процесстерин

унификациялоого жана оптималдаштырууга багытталган нормативдик жана технологиялык документтердин бирдиктүү системасын иштеп чыгуу зарыл.

Буга байланыштуу, китеп продукцияларын жасалгалоого болгон талаптарды жана эл аралык, улуттук стандарттарды кармануу, анын ичинде чыгарылыш маалыматтарын көрсөтүү жана башка эрежелерди сактоо боюнча жоопкерчиликти күчөтүү зарыл жана мындай мамиле китеп продукциясынын этикалык жагына кыйла катуу көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылат.

Китеп продукцияларын басып чыгаруучулар менен сатуучуларга бардык китеп басылмаларында ISBN, ал эми сериялык жана мезгилдүү басылмаларда ISSN белгилерин коюуну милдеттендирүү, басмалардын автордук укуктарды сактоосуна жана басылмалардын контролдук нускаларын тираждын санына ылайык Кыргызстандын китепканалары менен Кыргыз Республикасынын Улуттук китеп палатасынын (мындан ары - УКП) басма сөз архивдерине сөзсүз түрдө берүүсүнө жоопкерчиликти күчөтүү зарыл[4, 398-399-б.].

Китеп басуу маданиятынын жалпы төмөндөшү, басма жана полиграфия кадрларын даярдоо жана кайра даярдоо мүмкүнчүлүгүнүн болбогондугу, материалдык-техникалык базанын эскиргендиги сыяктуу көйгөйлүү жагдайлар олуттуу тынчсызданууну жаратып, чечкиндүү чараларды көрүүнүн өзгөчө зарылдыгын баса белгилеп жатат.

Маселен, өткөн кылымдын 70-80-жылдарында Кыргыз Республикасынын полиграфия өнөр жайы жылына 8-10 млн. нускадагы китептерди чыгарса, анын ичинде кыргыз тилинде окутула турган 60тан ашык аталыштагы окуу китептери 3 миллиондон кем эмес нускада басылчу. Мындан тышкары, балдар, өспүрүмдөр, көркөм, энциклопедиялык жана башка адабияттардын түрлөрү мезгил-мезгили менен үзбөй чыгып турчу. 1991-жылдан тартып китеп продукциясын басып чыгаруу кескин төмөндөдү.

Китептерди басып чыгаруунун кыскарышы менен бирге эле, окуу китептерин басып чыгаруу да жалпысынан алганда кескин төмөндөдү. Маселен, өлкөбүздүн мектептеринин окуу китептерине болгон бир жылдык минималдуу муктаждыгы 2 млн. нусканы түзгөн болсо, иш жүзүндө:

1994-жылы - 6 аталыштагы 207 миң нуска,
1995-жылы - 16 аталыштагы 476 миң нуска,
1996-жылы - 22 аталыштагы 896 миң нуска,
1997-жылы - 14 аталыштагы 250 миң нуска,
1998-жылы - 13 аталыштагы 421 миң нуска,
1999-жылы - 18 аталыштагы 324 миң нуска,
2000-жылы - 28 аталыштагы 473 миң нуска,
2001-жылы - 19 аталыштагы 362 миң нуска китеп басып чыгарылган[5].

Көрүнүп тургандай, орто мектептердин окуу китептерине карата муктаждыгы болгону 20 пайызга гана канааттандырылып жатат.

Мындай төмөндөөнүн негизги себеби болуп - жетишсиз каржылоо, басма сөз продукциясын өндүрүүгө сарпталуучу чыгымдардын бүткүл дүйнөдө сезилерлик көтөрүлүп кеткендиги эсептелет. Китептерди басып чыгаруунун кыскарышы эң ириде кагазга, мукабалык материалдарга, басмаканалык жана транспорттук чыгымдарга болгон баалардын кескин өсүшү менен тыкыс байланышкан.

Ошентип, бир жагынан басмаканалардын өндүрүштүк кызматына болгон муктаждыктардын сандык катышта алганда азайгандыгы, экинчи жактан колдонулуудагы эскирген жабдууларда китеп басуучулардын азыркы сапаттык талаптарды толук түрдө канааттандыра албагандыгы жана дүйнөлүк рынокто атаандашууга жарактуу басма сөз продукциясын басып чыгаруу мүмкүн эместиги айкын болгон карама-каршылыктары бар татаал жана көйгөйлүү жагдай түзүлдү.

Басмаканалардын иш менен толук камсыз кылынбагандыгы өндүрүштүн натыйжалуулугун төмөндөтүп, техникалык жактан жаңыланып кайрадан жабдылууга зарыл болгон каржы топтоого жол ачпайт, ал эми мындай кайра жабдылуунун

болбогондугу өз кезегинде иш менен толук камсыздалууга кедерин тийгизип жатат.

Өндүрүштүн көлөмүнүн кыскарышынан көрүнгөн кризистик жагдайлар жумушчу орундардын кыскарышына да алып келүүдө. Тармактагы диплому бар адистердин саны кыйла кыскарды, ал эми бул максаттар үчүн чегерилген атайын финансы каражаттарынын жок болгондугуна байланыштуу кайра даярдоодон өткөн же квалификациясын жогорулаткан кызматкерлер дээрлик жокко эсе. Ошол эле учурда жаңы технологияларды киргизүү - компьютердик терүү жана верстка, басуунун офсеттик ыкмасы кадрлардын деңгээлин өркүндөтүүнү, жогорку билимдүү адистерди жана ортоңку звенодогу жетекчилерди кесиптик жактан даярдоону дайыма талап кылууда[1, 56-б.].

Мамлекеттик китеп чыгаруу менен катар эле азыркы учурда салыштырма көлөмү Кыргызстанда кыйла басымдуулук кылган коммерциялык китеп чыгаруу дагы жүрүп жатат. Китеп чыгаруу ишинин коммерцияланышы адабияттардын тармактык таңсыктыгын жаратты, экономикалык тез пайда бербеген окуу, илимий, илимий-популярдуу, техникалык адабияттар, көркөм чыгармалар басмаканалардын тематикалык пландарынан сырткары калып, калктын сатып алуу жөндөмдүүлүктөрүн төмөндөтүп, китеп рыногунда товарлардын толук экендигин көрсөткөн жалган көрүнүштөр пайда болду. Басмакана уюмдарынын негизги продукцияларынын темаларынын тардыгы республиканын тургундарынын билим берүү, интеллектуалдык жана маданий деңгээлин өстүрүү үчүн зор мааниге ээ болгон басылмаларды экономикалык колдоо аркылуу китеп рыногун оптималдаштырууга мамлекеттин катышуусунун зарылдыгын аныктады.

Жогоруда жазылган проблемаларды жөнгө салуу максатында улуттук китеп палатасы тарабынан Концепция иштелип чыккан. Концепциянын негизги максаты болуп Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн басма сөз продукциясынын ар кандай түрлөрүнө карата Кыргыз Республикасынын жарандарынын муктаждыктарын канааттандыруу эсептелет.

Концепциянын негизги максатына жетишүү башкы милдеттерди, анын ичинде төмөндөгүлөрдү аткаруу аркылуу жетилишет[3, 34-98-б.]:

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын басылмалар түрүндөгү маалыматты алууга жана таратууга болгон конституциялык укуктарын жүзөгө ашыруу;
- коомдун чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана кайталап жаратууга шарттарды түзүү;
- массалык маалымдоо каражаттарынын экономикалык көз карандысыздыгын жана коом менен инсандын маалыматтык коопсуздугун өнүктүрүү ишинде Кыргыз Республикасынын расмий саясаты катары кадрларды даярдоо, китеп чыгаруу жана басма сөз продукциясын таратуу боюнча мамлекеттик колдоону камсыз кылуу;
- китеп чыгаруу ишин колдоо боюнча макулдашылган мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга жана китепти коргоого карата коомдук оң пикирди калыптандырууга көмөк көрсөтүү;
- сейрек (раритет) адабияттарды кайра басып чыгаруу. Коюлган милдеттерди чечүүдөгү мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн негизги чаралары төмөнкүлөр болуп эсептелет:
- кадрларды даярдоого билим берүү гранттарын берүү;
- балдар, өспүрүмдөр, окуу, илимий, илимий-техникалык, илимий-популярдуу маалыматтык адабияттарды, көркөм чыгармаларды, улуттук классиктерди, учурдагы популярдуу авторлорду, өзүнчө китепчелерди, серияларды жана башка басма сөз продукцияларын чыгаруу программасын иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашырууга бардык тараптан көмөк көрсөтүү;
- эл аралык мамилелердин деңгээлиндеги экономикалык реформанын шарттарында китеп чыгаруу, басмаканалардын өз ара мамилеси, полиграфиялык ишканалар менен китеп соода уюмдарынын өз ара кызматташуусу жаатындагы мамлекеттик саясатты жүргүзүү; мамлекеттик жана расмий тилдерде басып чыгарылган басылмалар боюнча китептер (ISBN) менен басма сөзгө (ISSN) номер берүүнүн эл аралык стандарттарынын

негизинде түзүлгөн региондук жана улуттук маалыматтар базасынын маанилүү экендигин пропагандалоо;

- улуттук китеп саясатын (УКС) өнүктүрүү жана жакшыртуу; китеп чыгаруу ишинин проблемаларын изилдөө жана Кыргызстандагы китеп басуу менен полиграфия иши боюнча колдонулуп жаткан стандарттарды, нормативдик-укуктук базаны кайра карап чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин, Кыргыз Реслубликасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Стандарттар жана метрология улуттук институтунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Илим жана интеллектуалдык менчик боюнча агентствосунун, басмакана-полиграфия чөйрөсүнүн жана маалыматтык-китепкана системасынын өкүлдөрүнөн коомдук башталышта, УКПтын базасында жумушчу топту түзүүгө колдоо көрсөтүү;

- ISBN, ISSN системасын, басмакана продукциясын штрих менен кодировка кылуунун жана басылмаларды коргоонун башка элементтерин кыйла кеңири колдонууну камсыз кылуу үчүн жана ата мекендик басма сөз продукцияларын өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын өзүнүн жеке коддоруна толук өтүүгө жетишүү;

- мамлекеттик муктаждыктар үчүн китеп продукцияларын басып чыгарган басмаканалар менен полиграфиялык ишканалардын экономикалык туруктуулугуна жардам берүү жана тармактагы жумуш орундарын сактоого жана жаңыларын түзүүгө көмөк көрсөтүү;

- басма сөз продукциясын таратуу үчүн ыңгайлуу бажы жана салык шарттарын түзүү;

- журналистика жана филология факультеттеринде басма кызматкерлерин: адабий редакторлорду, техникалык редакторлорду жана башкаларды даярдоо боюнча атайын бөлүмдөрдү ачуу;

- КМШга катышуучу мамлекеттердин "Китеп искусствосу" эл аралык конкурстарында жана эл аралык көргөзмө-жарманкелерде Кыргыз Республикасынын китеп коомчулугунун өкүлдөрүнүн катышуусу;

- китеп көргөзмө-жарманкесин өткөрүү үчүн дайыма иштей турган галереясы бар китеп коомчулугунун өкүлдөрүнүн жалпы үйү - Китеп борборун түзүү;

- улуттук басылмалар жана басмалар жөнүндө маалыматты бүтүн Кыргызстанга жайылтуунун маанилүү каражаты катарында "Кыргызстандын басма сөзү" маалыматтык каталогун китеп түрүндө жыл сайын басып чыгарууга көмөк көрсөтүү жолу менен региондук китеп соода тармагын өнүктүрүү[2, 138-144-б.].

Ошондой эле кыргыз китеп басылмаларында азыркы болуп жаткан иштер анын келечегинен көптү үмүттөндүрөт. Акыркы жылдары бүткүл дүйнө өлкөлөрүнүн маданиятынын өнүгүүсүндө жаңы маалыматтар технологиясынын потенциалы жакшы болуп жаткандыгына токтолбой кетүүгө мүмкүн эмес. Аны өнүктүрүү кыргыз китеби менен иш алып барууну информациянын электрондук базасын түзүүгө, аны жогорулатууга, өнүктүрүүгө алып келет.

Улуттук китеп палатасынын басылмалар боюнча эсеби көрсөткөндөй, жыл сайын китеп басылмаларын чыгаруу тездик менен өсүп баратат, ошону менен бирге Мамлекеттик көп басмалар китеп басмасы боюнча лидерлик орундарды ээлеп келатышат. Коомдук фонддун басмалары болгон “Басма өнүктүрүүнүн Борбору”, “Кыргызполиграфкомбинат”, “Шам”, “Илим”, “Учкун”, “Архи” ж.б. тарабынан биздин мамлекетибизде гана эмес эл аралык конкурстарда жогорку баага татыган китептерди басып чыгарып жатат.

Бүгүнкү күндөгү мезгилдин талабы, Улуттук китеп палатасынын улуттук китеп таануу жөнүндөгү илим менен такай иш алып баруусу керек. Азыркы учурда китеп басып чыгаруу, мурункуга салыштырса, түп-тамырынан бери өзгөрдү.

**Адабияттар:**


1. Бакинова Р. Коомдук – саясий китеп. Кыргызстанда китеп басып чыгаруу ишинин өнүгүү жана кайра жаралуу доору. Ф. "Кыргызстан" 1969 ж.
2. Книжная культура в трудах ученых стран СНГ. М.: Наука, 2009.
3. Кыргыз Республикасынын басмасы макалалар жыйнагы. КР Улуттук китеп палатасы. Түз. А.А. Бусурманова. Б. 2004ж.
4. Энциклопедический словарь по книжному делу. Под ред. А. Сидорова. М., 2008.
5. www. Literature.kg. Китеп таркатуу Ассоциациясынын президенти Олег Бондоренконун билдирүүсүндө.